№1 пед. советте
кабыл алынды.
28.08.2018-ж.

«Бекитемин»
Директор:
________ Турусбеков Д.Т.

**Окуучулардын окутууда болгон системалык жетишкендиктерин баалоо боюнча**
**Ж О Б О**

1.1. Бул жобо «Билим берүү» мыйзамына ылайык Аламудун районунун С.Чокморов айылындагы Суймөнкул Чокморов атындагы орто мектебинин мектептин ички көзөмөл эрежесине ылайык негизделип чыккан.
1.2. Жобонун негизи мектептин директорунун буйругу менен бекитилет.
1.3. Бул жободо ар кандай төмөнкү аткарылуучу чаралар камтылган.
1.3.1. Баа - окуучунун билимин, окууга жетишкендигин балл, цифра, сан менен баалоо
Окуучулардын окуудагы жетишкендигине баштапкы баалоо.
Бул сыноо жалпы окуу жылында башталат, окуу стандартка байланыштуу
1.3.2. Текшерүү иштери - бул окуучулардын жетишкендигин чейректин аягында, II жарым жылдыкта өткөрүлөт. Бул баалоону бир жылда 2 ирет өткөрсө болот.
Жыйынтыктоочу баалоо, окуучулардын жетишкендигинин баалоосу стандартка ылайык окуу жылдын аягында өткөрүлөт, аягында жыйынтыктоо экзамендер менен толукталат. Баалоо максаты :
Мугалимдин окуу процессиндеги календарлык пландагы көрсөтүлгөн темалары журнал жана күнүмдүк жазылган сабак пландын айкалышы Баа коюунун критерийлери
1. Туура жана кеңири жооп берүү
2. Окуучу сабакты абдан жакшы өздөштүрөт, ката кетирбейт.

Мектепте «5» баллдык система
«5» - окуучу оозеки же болбосо жазуу түрүндө өзүнүн билим деңгээлин 90% -100% көрсөтө алса, окуучу өзүнүн билимин сапаттуу, кеңири билсе, кошумча материалдарды колдонсо, так, туура жооп берсе. Жооптору кеңири жана терең болсо, өзүнүн позициясына туруп, билимин далилдесе, окуу менен практиканы бирге далилдесе.
«4» - жообу так, абдан шыктуу, өзүнүн оюн кеңири айта алат. Бирок бир нече каталарды кетирет. Билим сапатын 70% көрсөтө алса.
«3» - окуучу - 50% окуу деңгээлин көрсөтө алса. Жазуу иштеринде 3-4 маанилуу ката кетирсе. Кеңири, толук теманы түшүндүрө албаса. Өзүнүн оюн так жеткире албаса.

«2» - 20-40% билим денгээлин көрсөтсө. Жазуу иштеринде көп катачылыгы болсо, туура эмес жооп берсе.

2-11кл. окуучуларына

Бул баалоого окуучунун жат жазууларынын, текшерүү иштеринин бааланышы баага таасир берет.

Жылдык баа - 4 чейректин баалары салыштырылып класстык журналга окуучунун күндөлүгүнө коюлат.

2-11 кл окуучулары мугалим окуучуга

- Доскадан же болбосо ордунан жооп бергенин
- Тапшырманы туура, катасыз жазганы үчүн

-Сөздүк жат жазуу, математикалык текшерүү иштер, ар кандай жазуу сөздөрдү аткарганда

- реферат, доклад, презентация ийгиликтүү аткарса баяндама, дилбаян үчүн
- текшерүү ишке
- тестке

2-11 өткөрүлгөн жат жазуулар 2 күндүн ичинде, 5-9-кл. баяндама , дилбаян бир жумадан кийин баалары коюлат.

Чейректик, жылдык бааларды мугалим - предметник чейректин же жарым жылдык баасын предмет боюнча 3 күн ичинде коюлат.

Баалар кл.журналга ар бир предмет боюнча жана окуучунун күндөлүгүнө коюлат.

Окуучу кандай бир себеп менен сабакка катышпай же ошол күнү ооруп калса ага баа коюлбайт.

Текшерүү иши боюнча

Мугалим сабагында 8-11 кл 4 баадан кем эмес коюшу керек

2-7кл - 6-7 баа

«2» алган окуучуга мугалим «2» жоюуга мүмкүнчүлүк бериши керек.

Жыл аягында жылдык баа ар бир предмет боюнча коюлат.

Окуучу жыл аягында «2» деген бааны бир предметтен алса, күзгү сыноого калат.

Бул чечимди пед.кеңешме чечет.